# Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн 2025-жылдагы аткарылган иштери жөнүндө





# ЖОГОРКУ ОРГАНДАРДАН КЕЛИП ТҮШКӨН КОРРЕСПОНДЕЦИЯЛАР ЖАНА ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ МЕНЕН ИШТӨӨ АБАЛЫ



КР Президентинин администрациясы
**76 / 72**

КР Министрлер Кабинети
**39 / 36**

Министрликтер ведомстволор
**194 / 189**

Бакай-Ата РМА
1419/ 1389

Жарандар
395

Жеке кабыл алуу
15

Айыл аймак боюнча
410

340 — • Оң чечилген жарандардын арызы

64 — • берилген түшүндүрмөлөрдүн саны

6 — Аткаруудагы арыздар

# СОЦИАЛДЫК ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

Айыл аймагынын негизги тармактарынын бири болгон **айыл чарба тармагында** өндүрүлгөн 279 млн 100,5 миң сомдук продукциялар негизинен мал чарбачылыгына туура келип, былтыркы жылга салыштырмалуу 100,2 % ды түзгөн. Мунун ичинен натуралай алып карасак, айыл аймагы боюнча 773,6 тонна эт өндүрүлүп, өткөн жылга салыштырмалуу 100,1 % га, 2471,4 тонна сүт өндүрүлүп, салыштырмалуу 100,4 %, 2 млн 612600 даана жумуртка өндүрүлүп, 101,5 %, жүн 80,2 тонна өндүрүлүп аткарылды.



# БАКАЙ-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН КИРЕШЕ БӨЛҮГҮНҮН 2025 – ЖЫЛГА АТКАРЫЛГАН ПЛАНЫ

| | Кирешелердин турлору | Такталган | аткарылыш ы | % |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы кирешелер (2+5+6+7+8) | **76170,1** | **72905,5** | **95,7** |
| 2 | Кирешелер (салык жана салык эмес кирешелер ) | **53140,5** | **49875,9** | **93,9** |
| 3 | Салыктык кирешелер: | | | |
| | Салык агенти толоочу киреше салыгы | 40041,7 | 37603,6 | **93,9** |
| | Салык декларациясы боюнча киреше салыгы | | | |
| | Чакан ишкердик субьект-ри учун бирдиктуу салык | | | |
| | Милдеттуу патенттин негизинде салык | | | |
| | Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | 586 | 612,5 | **104,5** |
| | Кыймылсыз мулкко салык | 213,3 | 253,4 | **119,4** |
| | Короо жер салыгы | 440,0 | 541,2 | **105,4** |
| | Айыл-чарба багыт-ы эмесжер-н салыгы (несельхоз) | 431,3 | 462,5 | **107,2** |
| | Салык эмес кирешелер | 480,50 | 441 | |
| | Жайыт жерлеринин ижарасы учун | 1127,8 | 776,6 | **69,9** |
| | Айыл чарба мамл фонд ижара акысы | 850 | 1070,9 | **126** |
| | Акы толоо кызмат корс тушуулор | 6264 | 5226,8 | **83,4** |
| | Мамлекеттин пайд айл кирешелер | 2090,9 | 2090,9 | **100** |
| | Ыктыярдуу трансферт | 397,8 | 524,7 | **131,9** |
| | Расмий трансферттер | 7991,9 | 7991,9 | **100** |
| | | | | |

- Жергиликтүү бюджеттен тушкөн киреше 46192,6 миң сом,расмий трансферттен 7991,9 мин сом, 2025-жылдын 1-январына карата чыгашадан ашкан киреше калдыгы 14998,2 мин сом, жалпы кирешенин көлөмү  69182,7 мин сомду туздү.
- Жергиликтүү бюджеттин 2025-жылга карата жалпы чыгашасы 66372,3 мин сомго аткарылды.
- Бөлумдөр боюнча аткарылышын айта кетсек:

| | Статьялардын аталышы | бекитилген план | такталган план | Аткарылышы | Айырмасы+, - |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | [redacted] | | | | |
| 1 | Мамлекеттик башкаруу органы | 12312,3 | 14280,5 | 14168,5 | -112,0 |
| 2 | [redacted] | 500,0 | 500,0 | 500,0 | 0,0 |
| 3 | Экономикалык маселелер | 1127,8 | 1244,8 | 776,6 | -468,2 |
| 4 | [redacted] | 27389,7 | 43879,0 | 43630,7 | -248,3 |
| 5 | Маданият болуму | 1871,2 | 2101,1 | 1878,9 | -222,2 |
| 6 | [redacted] | 3468,6 | 3884,6 | 3517,3 | -367,3 |
| 7 | Социалдык коргоо болуму | 1460,0 | 1900,0 | 1900,0 | 0,0 |
| | [redacted] | **48129,6** | **67790,0** | **66372,3** | **1417,7** |

# ТАРТЫЛГАН ИЧКИ ЖАНА ТЫШКЫ ИНВЕСТИЦИЯЛАР

- Республикалык бюджеттин эсебинен 2025-жылга карата жалпы суммасы 115,0 млн сом бөлүнгөн. Анын ичинен 90,0 млн сом айылдын ички көчөлөрүнүн 7.0 км аралыгына асфальт төшөө жана 3.0 км аралыгына тротуар төшөөгө жумшалат.
- Ошондой эле «Жоламан ата» паркын кайра куруу обьектисине 25.0 млн сом жумшалат.





# ТАЗА СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДОО

- Мин-Булак айылынын ички көчөлөрүнө Сатаев, Ордобаев, Шамурзаев, К.Алымбеков, Кулукеев 1 162 000 сомго таза суу системалары тартылды;
- Бакай-Ата районунун борборунда  таза суу маселесин чечүү боюнча айыл өкмөтүнүн бюджетинен 2925399 сом бөлүнүп, ошондой эле "Бакай-Ата өнүктүрүү" фондусунан 2 700 000 сом бөлүнүп таза суунун башкы суу алма курулмасынан Бакай-Ата айылына чейинки трубалар алмаштырылды. 433101,8 сомго таза суу башкы суу алма курулмасы курчалды;
- Натыйжасында Чоң-Алыш жааматы, Ленин, Шапак, Кайназар көчөлөрү таза суу менен толук камсыздалды.





# ЭНЕРГЕТИКА ТАРМАГЫ

- Мин-Булак айылынын Талас көчөсүнө 800 метрге СИП кабельдер сатылып алынган, тартуу иштери жүргүзүлөт;
- Мин-Булак айылынын Р.Турсуналиев, Аман, Талас, Б.Турумтаев көчөлөрүнө 979979 сомго электр устундары, электр чубалгылары сатып алынып, ошондой эле 235000 сомго жарыктандыруучу лампалар сатылып алынып орнотулду;
- Ордобаев, Шамурзаев көчөлөрүндөгү ТПга 33830 сомго материалдар сатылып алынды;
- Бакай-Ата айылынын Исабеков кочосуно 425412 сомго электр столбалары сатылып алынып орнотулду;
- Орозкул көчөсүнө карагай зымдар 528800 орнотулду.
- Акмолдо, Турар көчөлөрүнө 822 000 сомго  столба, элетр чубалгыларын сатып алуу жана орнотуу үчүн тендерге берилди;





# МАЛ ЧАРБАСЫ

Мал чарба тармагындагы абалды туруктуу кармоо максатында ветеринардык тейлөө иштери жүргүзүлүп, жалпылап алганда ветеринардык диагностикалык иштери толук аткарылган. Ал эми малдардын жугуштуу ылаңдарынан диагностикалык иштер боюнча бруцеллез ылаңына каршы 1696 баш ири мүйүздүү малдан, 134 баш жылкыдан кан алынып, 2 уйдан бруцеллез ылаңы, 2 жылкыдан «кээңги» ылаңы аныкталган. Ооруган малдар ветеринардык эрежелердин негизинде союлуп, жок кылынган. Бүгүнкү күндө айыл аймагында эпизоотиялык абал туруктуу. «Күмүштак» өзөнүндөгү жайыт жолдору 32000 сомго оңдолду.







# ИРРИГАЦИЯ ТАРМАГЫ

“Альянс-Алтын” өнүктүрүү фонду тарабынан 2950 тонна дизелдик отуну бөлүнүп берилип, 2025-жылдын 6 айында райондук Суу чарба башкармалыгы менен бирге “Жалпактил» каналынан1100м, “Кайназар-2” каналынан 600м, «Бөлтөк» каналынан 2100м, Миң-Булак айылынан 3500м ички арыктар ондоодон өткөрүлдү. Мындан тышкары “Ашар” ыкмасы аркылуу айыл тургундары тарабынан 14 км ички чарба каналдары тазалоодон өткөрүлдү.

Талдыбар көпүрөсү 329556,66 сомго ремонт болду.

Миң-Булак айылына караштуу 584-584 контурларда камыш баскан 750 метр арыкка 449171 сомго лотоктор салынды.Ошондой эле Талас дарыясынан Эчкили тоосуна өткөн көпүрөнүн таянычтары 602856 сомго бекемделди.







# ЖОЛ ТАРМАГЫ

- Отунбай жана Балбан Шаршен көчөлөрүнө 13 720 804 сомго кум шагылдар төгүлүп тегизделип, асфальттоо үчүн даярдалды;
- Кайназар көчөсү 37 131 633 сомго толук асфальтталды;
- Сталбек, Боөбек, Каныбек кайрылыштары 10 200 000 сомго асфальтталды;
- Айтыкул көчөсүнө 199 800 сомго көпүрө салынды.





# АЙЛАНА ЧӨЙРӨНУ КОРГОО

- Мин-Булак айылына 852569 сом «Беккари» чункуру казылып ишке берилди;
- Эски таштанды полигонун реконструкциялоо жана жаңы полигонду казуу иштерине 650 000 сом бөлүнүп, казуу жана калдыктарды көмүү иштери жасалган;
- Хельветас аркылуу 5 500 000 сомго атайын таштанды чыгаруучу автоунаа алына турган болуп чечилди;
- Тазалыкты камсыздоо ички чарбалык жумуштарды бүтүрүүгө 6 даана атайын техникалар алына турган болуп чечилди;
- Айлана-чөйрөнүн тазалыгын камсыздоо максатында айыл аймакта “Үлгүлүү көчө”, “Үлгүлүү жамаат”, “Үлгүлүү үй-бүлө”, “Үлгүлүү ишкана” конкурсу уюштурулуп жеңүүчүлөргө Хельветас тарабынан 30 000 сомго кызыктыруучу белектер жана айыл өкмөтүнүн ыраазычылык каты берилди.





# ПАРКТАРДЫ РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО

- Наматбек айылында 1 гектар жерге парк уюштуруу үчүн 869,0 миң сом жумшалып, тегереги курчалды;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин турукташтыруу фондунан 25 000 000 сом, айыл өкмөтүнүн бюджетинен 999 546 миң сом бөлүнүп, Бакай-Ата айылындагы "Жоломан Ата" паркын реконструкциялоо үчүн долбоордук сметалык иш кагаздары даярдалды.





# «ЖАШЫЛ МУРАС»

Бакай-Ата айыл аймагында “Жашыл Мурас” улуттук өнөктүгүн ишке ашыруу максатында ийне жалбырактуу 20 карагай, 30 туя Наматбек айылындагы жаңы ачыла турган паркка отургузулду. Арзымат күмбөзүнө 300 даана ак кайың, 300 даана терек отургузулду даана көчөттөрдүн түрлөрү, жалпы 0,62 га жер аянтына отургузулду.

Тактап айтканда Бакай-Ата айыл аймагына 0,60 га жер аянтына 300 даана кайың, 300 даана терек жана 50 даана туя жана ель отургузулду. Айыл өкмөтүнүн бюджетинен 80 000 сом акча каражаты бөлүнгөн, сатылып алынган көчөттөрдүн баасы 90500 сомду түзгөн.





# ДОЛБООРЛОР БОЮНЧА МААЛЫМАТ

- «Чон-Алыш» балдар бакчасына балдар ойноочу оюн аянтчасын куруу боюнча долбоор жазылып, "Бакай-Ата райондук өнүктүрүү" фондуна өткөрүлдү;
- Наматбек айылындагы Шералы уулу Бекен көчөсүнө 1 чакырымга асфальт төшөө боюнча дем берүүчү грантка 9 млн сомго долбоор жазылып өткөрүлдү.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин турукташтыруу фондунан жалпы 25 млн сом акча каражаты бөлүнүп, Наматбек айылына 50 орунду бала бакча курулууда. Учурда дубалы тургузулуп, чатыры жабылууда.
- Күмүштак жана Кара-Коюн участкаларындагы узундугу 3 км жолду жана көпүрөлөрдү калыбына келтирүү долбоору 3 млн 824 мин сомго жазылып, тиешелүү мекемеге өткөрүлдү.





# КҮЗ-КЫШ МЕЗГИЛИНЕ КАРАТА ДАЯРДЫК

Айыл калкына быйылкы жылдын жылытуу мезгилине жалпы 2550 тонна, билим берүү обьектилерине 578,0 тонна, башка мекемелерге 6,0 тонна көмүр отуну керектелет. Билим берүү тармагында өткөн жылдын жылытуу мезгилинен 146,4 тонна көмүр отунун калдыгы бар.





# БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫ

- «Мээрим» балдар бакчасына жалпы 6250816 сом кетсе анын ичинен оздук салым 3458516 сомго дем берүүчү гранттын эсебинен капиталдык ремонттон өткөрүлдү;
- Наматбек айылындагы И. Жанчаров атындагы орто мектебин жаңыдан куруу үчүн жер бөлүнүп мамлекеттик актысы алынып бугунку кунго долбоорлоо иштери аякталды
- Республикалык бюджеттин эсебинен Бердике уулу Нарикбай атындагы орто мектебинин курулуш иштери уланып, мектептин 2 кабатынын дубалы тургузулуп сейсмопояс куруу үчүн арматуралары токулган;
- Наматбек айылында республикалык бюджеттен 25 000 000 сомго 50 орундуу бала бакчанын курулушу жүрүп жатат. Бүгүнкү күндө дубалы тургузулуп, тегереги курчалды.





# БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫ

- Жалпы мектептерге тамак аш чыгымдарына 879 окуучуга үч сомдон 246,3 миң сом жумшалды ,ошондой эле канцтоварларды жана кунумдук керектелуучу товарларды алуу беренеси боюнча 927,9 мин сом сарпталса ,мулкту учурда ондоого кеткен чыгымдарга 610,8 мин сом жумшалды.Көмур менен жылытуу учун мектептерге 1324,9 мин сомго камсыздалды.
- Б.Жунусов атындагы орто мектебине айыл өкмөтүнүн бюджетинен 764,0 сомго спорт залынын полу жаныртылды, 433,3 сомго айлана-тегереги курчалууда;
- Республикалык бюджеттин эсебинен Бердике уулу Нарикбай атындагы орто мектебинин курулуш иштери уланып, мектептин 2 кабатынын дубалы тургузулуп сейсмопояс куруу үчүн арматуралары токулган;
- «Нариcте» балдар бакчасынынын балдарга керектүү эмеректер 107,6 сомго алынып жаныртылууда.
- Наматбек айылында республикалык бюджеттен 25 000 000 сомго 50 орундуу бала бакчанын курулушу жүрүп жатат. Бүгүнкү күндө дубалы тургузулуп, тегереги курчалды.





# СОЦИАЛДЫК КОРГОО ТАРМАГЫ

- Афган согушунун катышуучуларына 10 катышуучуга 4 000 сомдон  40 000 сом берилген;
- Баткен окуясынын катышуучуларына 5 жаранга 5600 сомдон 28000 сом берилген;
- Афган-Тажик чек арасында кызмат отогон 8 жоокерге ар бирине 5250 сомдон жалпы суммасы 42 000 сом берилген;
- «7-апрель-элдик революция» күнүнө карата 19 революционерге 2 600 сомдон 49 400 сом берилген;
- 26-апрель ЧАЭС катышуучуларынын күнүнө карата 5 катышуучуга 6 000 сомдон жалпы суммасы 30 000 сом берилген;
- 9-май Улуу Жениш майрамына карата согуш учурунда тылда кызмат өтөгөн жарандарга жана айыл аксакалдарына 60 000 сомго сый тамак уюштурулуп берилген;
- Согуштун катышуучуларынын жесирлерине 2 апага 7 500 сомдон 15 000 сом берилген;
- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарынын жалпы республикалык тестирлоого даярдоого 79 000 сом берилип, ЖРТга даярдыктарына көмөктөшүлдү.







# СОЦИАЛДЫК КОРГОО ТАРМАГЫ

- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн турак жайларын камсыздандырууга 30 000 сом бөлүнүп 100 аз камсыз болгон үй-бүлөнүн турак жайлары өрткө каршы камсыздандыруудан өткөн. Ошондой эле мектептерди, бала бакчаларды кошпогондо 240 турак жайды камсыздандыруу керек болсо, 240 турак жай камсыздандырылып, камсыздандыруу 100% га аткарылган;
- Үйү өрттөнүп кеткен 1 жаранга 20000 сом акчалай жардам жана 1 рейс кум түшүрүлүп берилди. Өрттөнгөн калдыктар “Ак-Тилек-Максат” ишканасы тарабынан чыгартылып берилди;
- 3-декабрь Майыптар күнүнө 74 ДМЧ балага 680 сомдон жалпы суммасы 50 000 сом таркатылып берилген;
- 3 тоголок жетим баланын эсебине ар бирине 5 000 сомдон жалпысы 15000 сом которулуп берилген;
- Жарым жетим балдарга 70 000 сом берилген;
- Багар-көрөрү жок 13 жаранга суммасы 70 000 сомго 630 кг дан көмүр берилген;
- Туберкулез менен ооруган 2 жаранга 3 000 сомдон жалпы суммасы 6 000 сом берилген;
- Жалпы ооруган бейтаптарга материалдык жардам катары 175 000 сом берилген;





# СОЦИАЛДЫК КОРГОО ТАРМАГЫ

- 21-март «Нооруз» майрамына 30 000 сомго айыл калкына майрамдык иш-чара өткөрүлгөн;
- 1-июнь балдарды коргоонун Эл аралык күнүнө карата 70 000 сомго балдарга бал муздактар таркатылып, батут оюндары уюштурулуп берилген;
- 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк  күнүнө карата боз үй тигилип 80 000 сомго айыл калкына майрамдык чай жана спорттук иш-чара өткөрүлгөн;
- Жаңы жылдык иш-чараны өткөрүү үчүн 232304 сом бөлүнгөн 30-декабрда 40 аз камсыз болго үй-бүлөлөрдүн балдарына, 20 ДМЧ балдарга, спорттук мелдештен байгелүү орундарды алып келген мектеп окуучуларына, предметтик олимпиадалардан байгелүү орунбарга ээ болгон окуучуларга айыл өкмөтүнүн жаңы жылдык иш-чарасы өткөрүлөт;
- 2025-жылы социалдык контракттын негизинде 20 жаранга 150 000 сомдон берилген, алардын көпчүлүгү кой сатып алышкан, бүгүнкү күндө ийгиликтүү иш алып барып жатышат;
- Зордук-зомбулукту алдын алуу максатында айыл аймагына караштуу 5 мектептин 5-11-классынын окуучуларынын арасында “Биз зордук-зомбулукка каршыбыз” аттуу видеороликтер конкурсу уюштурулду. Жеңишке ээ болгон окуучуларга Хельветас тарабынан 180 000 сомго кызыктыруучу белектер берилет.

# МАДАНИЯТ жана СПОРТ ТАРМАГЫ

Маданият тармагында 2025-жылы календардык даталуу күндөргө арналган ар кандай иш-чаралар өткөрүлгөн. Алсак, Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуттук дем дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолу Жарлыгына ылайык, улуттук суусундуктарды даңазалоо максатында суусундуктар, кол өнөрчүлүк көргөзмөлөрү уюштурулду.

- Бакай-Ата айлынын спортчуларына ар тараптан колдоо көрсөтүүмаксатында Чон-Алыш спорт залына 928,9 мин сомго капиталдык ремонттон откорулду.
- Кок-Бору оюнун иш-чарасына 100,0 мин сом болунуп,байгелери аныкталды.
- Жалпы спорт оюндарына жана командировка чыгымдарына 300000 сом каралган.








# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИ

- Ал эми 5 балдар бакчасында 720 бала тарбияланып, 46 тарбиячы эмгектенип жатышат. Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №229-т тескемесин ишке ашыруу максатында мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде уктоочу бөлмөлөрдү эффективдүү колдонуу боюнча 2025-жылы Чоң-Алыш балдар бакчасында 1 тайпа ачылып, 20 тарбиялануучу кабыл алынды.





# БАКАЙ-АТА АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ТАРАБЫНАН 2026-ЖЫЛЫ АТКАРЫЛА ТУРГАН ЖУМУШТАР

- **Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларын так аткарууга алып жана белгиленген иш-чараларды өз убагында аткарууга алуу;**
- **Жазгы талаа иштерине даярдык көрүү максатында айыл аймагындагы бардык ирригация маселелери боюнча иш алып баруу;**
- **Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо максатында кылкандуу дан эгиндеринин жана техникалык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн аянтын көбөйтүү;**
- **Тышкы жана ички инвестиция тартып келүү боюнча иш аракеттерди күчөтүү;**
- **Чакан ишканаларды ачып, жумушчу орундарды түзүү;**
- **Айыл аймагынын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу жана “Жашыл мурас” өнөктүгүнүн алкагында жашылдандыруу иштерин улантуу;**
- **Кыргыз Республикасынын Президентинин стабилдештирүү фондусунан каржыланган долбоорлордун курулушун 2026-жылдын 31-августуна чейин пайдаланууга берүү.**

# Көңүл бурганыңыздарга рахмат!